**«Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу (педагогикалык дисциплиналарды окутууда)» аттуу темадагы 13.00.01- жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Качкын уулу Алтынбектин жазган диссертациялык изилдөөсүнө**

# РАСМИЙ ПИКИР

1. **Диссертациялык изилдоонүн темасынын актуалдуулугу.**

Бүгүнкү күндө билим адамзат тарабынан жашоодогу эң жогорку приоритеттердин бири катары каралат. Мугалимдик кесиптин негизги максаты жана айырмачылыгы башка кесиптерге салыштырмалуу, бул жаңы өсүп келе жаткан муунду адамдын баалуулуктары жана маданияты менен тааныштыруу жана өнүктүрүү болуп саналат. Мугалимдин ишмердүүлүгүнүн эффективдүүлүгү анын педагогикалык маданиятынан түздөн-түз көз карады.

Кыргыз Республикасындагы социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн шарттарында өзгөчө айыл мектептеринин мугалимдерин даярдоодо коом тарабынан талап кылынган кесиптик билим алуу үчүн өзүнүн потенциалын колдонууга мүмкүнчүлүгү бар, атаандашууга жөндөмдүү, компетенттүү бүтүрүүчүгө муктаждык келип чыкты.

Бирок, айылдык мектептердин илимий-маданий борборлордон алыстыгы, ата-энелердин талаптарынын төмөндүгү, мугалимдер жамаатынын арасында атаандаштыктын аздыгы, мектеп окуучуларынын маданий билимдүүлүгүнүн төмөн деңгээли, билим берүү тармагында социалдык жана маданий маанилүү көйгөйлөрдү чечүүдө өзгөчө кыйынчылыктарды жаратат.

Бул проблемаларды чечүү жолу мамлекеттик бийлик органдары менен бирге айылдык мугалимдин педагогикалык маданиятын калыптандыруучу

педагогикалык шарттарды түзүүгө багытталган иш-аракеттери ЖОЖдор чечиши керек.

Ошондой эле, айылдык мектептеги мугалимдин ишинин социалдык-маданий чөйрөсү, кесиптик жана педагогикалык функциялары, окуучулардын өзгөчөлүктөрү, мугалимдердин жашоо-турмушунун өзгөчөлүктөрү менен аныкталган өзгөчөлүктөрүнө көңүл буруу керек, б.а. айыл калкынын жашоо турмушунун жана күнүмдүк турмушунун кандайдыр бир оригиналдуулугу. Элдер бири-бирин жакшы билген айыл жеринде мугалимдин ишмердүүлүгү коомдук көзөмөлдүн күчөтүлгөн шартында өтөт.

Анын ар бир кадамы көзгө корүнот: айылдык коомдук мамилелердин мүнөзүнүн ачыктыгынан улам, иш-аракеттер жана иштер, баарына белгилүү болуп турат. Бул өзгөчөлүктөр айылдык мугалимдин ишмердүлүгүнүн мазмунун түзүүнүн булагы болуп саналат. Анын функциялары дидактикалык иш-чаралар жана мектептин ичиндеги тарбия иштери менен гана чектелип калбайт. Анын милдеттерине ошондой эле айылдык коомдун олуттуу ишке ашуусун талдоо жана таасир этүү милдети кирет. Бул айылдык мугалимдин жеке сапаттарына өзгөчө талаптарды коет: ал жогорку билим деңгээлин, акыл-эсин жана маданиятын чагылдырышы керек.

Жогоруда белгиленгендер каралып жаткан диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугун далилдеп турат.

Демек, ушул коз караштан алганда коргоого коюлуп жаткан **«Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу (педагогикалык дисциплиналарды окутууда)»** аттуу темадагы диссертациялык изилдөө учурдун актуалдуу маселелерине багытталган деп айтууга болот.

Диссертациялык иш үч главадан турат, изилдөөнүн биринчи главасы **«Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруунун теориялык негиздери»** деп аталып, изилдөөдө коюлган биринчи милдетти чечүүгө багытталган.

Изилдөө айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданияты – маданият, кесиптик маданият, педагогикалык маданият деп аталган категориялар талдоого алынган. Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын калыптандыруунун теориялык негиздери, анын мазмуну жана мугалимдин ишмердүүлүгүнүн мааниси каралган.

Айыл мектебинин мугалиминин КПМсын – бул социалдык-экономикалык, маданий, этнопедагогикалык жагдайлар менен шартталган, айыл жергесинде кайра жаратуучулук, маданият таратуучулук функцияларды аткарган, билим берүүчүлүк чөйрөнү түзүүгө багытталган мугалимдин педагогикалык ишмердүүлүгүн чагылдырган комплекстүү түшүнүк катары таризделген.

Экинчи глава **«Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруунун материалдары жана методдору»** деп аталып, изилдөөнүн методологиялык негиздерин жана методдорун чагылдырылган. КПМды калыптандыруунун педагогикалык шарттары, педагогикалык дисциплиналарды окутууда калыптандыруунун формасы, методдору жана теориялык модели берилген.

Илимий адабияттарды талдоонун негизинде айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын аксиологиялык, технологиялык жана инсандык-чыгармачылык компоненттерине жараша критерийлерин жана деңгээлдери аныкталган.

Изилдөөгө байланыштуу илимий адабияттарды, педагогикалык методдордун жана талдоолордун жыйынтыктарынын негизинде айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттары аныкталган - этнопедагогикалык шарт, айыл мектептеринде эмгектен новатор-педагогдордун илимий-методикалык тажрыйбаларын үйрөнүү; айыл мектептери алардын милдеттери менен таанышуу; жекечелештирүү жана дифференциялаштыруу.

Изилдөөнүн үчүнчү главасы **«Кесиптнк-педагогикалык маданиятты калыптандыруу боюнча эксиериментти уюштуруу жана анын жыйынтыктары»** деп аталып педагогикалык экспериментинин уюштурулушу, жүрүшү жана жыйынтыгы берилген.

Педагогикалык эксперименттин жүрүшүнүнүн негизги этаптары жана жыйынтыктары көрсөтүлгөн.

**2. Изилдөөнүн жүрүшүндө изденүчү негизги милдеттерди чечип жана илимий натыйжаларды алган.**

Изилдөөчү өзүнүн негизги милдеттери катары айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМнын теориядагы жана практикадагы абалын аныктоо, айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМнын мазмунун, структурасын, функцияларын, критерийлерин жана деңгээлдерин ачып көрсөтүү, ЖОЖдо педагогикалык дисциплиналарды окутууда айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктоо жана аны ишке ашыруунун теориялык моделин иштеп чыгуу, иштелип чыккан теориялык моделдин натыйжалуулугун педагогикалык экспериментте текшерүү жана анын жыйынтыктарын талдоо каралган.

**Изилдөөнүн негизги натыйжалары катары:**

- билим берүүнү модернизациялоонун шартында айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын калыптандыруунун мааниси, маселенин теориядагы жана практикадагы абалы аныкталган;
- айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМынын маңызы, мазмуну, компоненттери, критерийлери жана деңгээлдери аныкталган;
- айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМынын калыптандыруунун педагогикалык шарттары жана аны ишке ашырууда теориялык модели иштелип чыккан;
- педагогикалык эксперимент аркылуу айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын калыптандыруунун педагогикалык шарттары жана теориялык моделинин натыйжалуулугу педагогикалык процессте

текшерилип, аныктоочу жана калыптандыруучу эксперименттердин жыйынтыктары текшерүүчү эксперимент аркылуу салыштыруу менен алынган.

Изилдөөнүн жыйынтыктарынын ар кандай деңгээлдеги жыйындарда, конференцияларда, семинарларда талкууланып жактырылган жана тиешелүү басылмаларда жарыяланып турган.

Диссертациялык иште алынган жаңы илимий натыйжалар жогорку окуу жайларында окутуу процессин илимий-методикалык жактан өркүндөтүүгө, жалпы педагогиканы жана билим берүүнүн технологияларын өнүктүрүүдө үчүн чоң мааниге ээ.

**3. Изилдөөнүн теориялык жыйынтыктарынын баалуулугу.** Изилдөөнүн теориялык баалуулугу катары Кыргызстандагы ЖОЖдун студенттеринин - келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруунун негизги багыттары боюнча анализ жүргүзүлгөнүн эсептөөгө болот.

Мындан тышкары чет элдик жана кыргыз окумуштууларынын илимий изилдөөлөрүнө таянуу менен айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятынын маңызы, мазмуну, структурасы жана функциясы, компоненттери, критерийлери аныкталып, аны калыптандыруунун педагогикалык шарттары, ишке ашыруунун теориялык моделинин иштелип чыккандыгында, аныктамалары иликтенип, такталгандыгында.

**4. Изилдөөнүн практикалык мааннлүүлүгү:** изилдөөнүн натыйжасында алынган теориялык жоболорду жана жыйынтыктарды педагогикалык окуу жайлардын окуутуучулары, студенттери, мугалимдердин квалификациясын жогорулатуучу курстардын угуучулары, мектеп мугалимдери колдонсо болот. Изилдөөнүн жүрүшүндө аныкталган педагогикалык шарттар, теориялык модель айыл мектебинин келечектеги мугалимин даярдоого жардам берет. КПМнын компоненттерин, критерийлерин жана деңгээлдерин айыл мектебинин мугалимдеринин

кесиптик компетенцияларын баалоодо кошумча инструмент катары колдонууга болот.

**5. Изилдөөнүн жыйынтыктарынын аныктыгы жана далилдүүлүгү төмөндөгүлөр менен негизделет**: Алынган натыйжалар илимий жактан терең талдоонун негизинде тастыкталган. Изилдөөдө сунушталган педагогикалык шарттар жана иштелип чыккан теориялык модели, окутуу процесинде натыйжалуулугу педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары менен тастыкталган. Эксперименттин жыйынтыктарын иштетүүдө жана талдоодо тиешелүү статистикалык критерий колдонулуп, бул критерийдин көрсөткүчү алынган натыйжалардын ишенимдүүлүгүн толук тастыктап турат.

Мындан тышкары, натыйжалардын далилдүүлүгүн, аныктыгын маселеге тиешелүү кеңири илимий адабияттардын объективдүү анализи жана ар кандай деңгээлдеги жыйындарда, конференцияларда, семинарларда талкууланып жактырылган жана тиешелүү басылмаларда жарыяланып турган.

**6. Изилдөөчүнүн жеке салымы**: алгачкы жолу изилденип жаткан теманын теориялык жактан негизделип, жогорку окуу жайында айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМын калыптандыруунун теориядагы жана практикадагы абалы, педагогикалык шарттары, критерийлери, теориялык моделин түзүү автор өзү ишке ашырган. Алынган корутундулар, практикалык сунуштар теориялык жана методологиялык жоболор түрүндө белгиленген, алар изденүүчүнүн педагогика илимине кошкон жеке салымын көрсөтөт.

**7. Изилдөөнүн жыйынтыктары.** Жарыяланган эмгектер негизинен изилдөөнүн багытына туура келет, изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргызстандын жогорку окуу жайларында, алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдө өткөрүлгөн илимий-практикалык конференцияларда апробацияланган. Изилдөөнүн темасына байланышкан **27** илимий макала эл аралык жана республикалык илимий басылмаларда жарыяланган.

**8 Диссертациянын практикалык натыйжаларын пайдалануу боюнча сунуштар.**

Изилдөөнүн натыйжаларын жана жыйынтыктарын пайдалануу боюнча төмөнкүдөй **практикалык, илимий-методикалык сунуштар** иштелип чыккан:

1. ЖОЖдо келечектеги айыл мектебинин мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу максатында педагогикалык дисциплиналарды окутууда аныкталаган педагогикалык шарттардын колдонууга жана колдонмо катары жайылтууга сунушталат.

2. Педагогикалык окуу жайларда айыл мектебинин келечектеги мугалиминин КПМ калыптандырууга багытталган атайын курстун программасын, окуу-методикалык комплекстерин практикага киргизүүгө сунушталат.

3. Республикабыздын айыл мектептеринде топтолгон новатордук тажрыйбаларды ЖОЖдо айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандырууда пайдаланууну сунушталынат.

4. ЖОЖдо айыл мектебинин келечектеги мугалимдерин максаттуу даярдоону колго алуу жана күчтөнтүү.

**9. Диссертациянын мазмуну менен авторефераттын мазмунунун шайкештиги.**

Авторефераттын мазмуну диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаты менен милдеттерине дал келет. Авторефератын резюмеси кыргыз, орус, англис тилдеринде бирдей мааниге ээ.

**10. Диссертациянын мазмунундагы жана жазылышындагы мүчүлүштүктөр.**

Диссертацияда көрсөтүлгөн жетишкендиктер менен бирге айрым бир кемчиликтер орун алган.

1. Эгерде эксперименттик группанын студенттеринин педагогикалык практикасын өтүү учурунда кесиптик-педагогикалык маданиятты

калыптандыруу максатында иш – чаралар пландаштырылып аткарылса изилдөөнүн баалулугу мындан дагы жогору болмок.

**2.** Жумушта педагогикалык дисциплиналарды окутууда кошумча материалдар киргизилген, бирок негизинен кесиптик-педагогикалык маданиятты калыптандыруу тарбиялоонун курамдык болүгү болгондуктан, адеп ахлактык тарбия бөлүгүнө кошумча материал катары киргизсе туура болмок.

**3.** Жумушта малыматтар көбүнчө башка тилде жазылган илимий булактардан алынгандыктан кыргызча которулушунда көп мүчүлүштүктөр бар.

Жогоруда көрсөтүлгөн кемчиликтер диссертациянын жалпы мүнөзүн түздөн-түз өзгөртпөйт жана анын баалуулугун төмөндөтпөйт.

**11. Эмгектин Кыргыз Республикасынын «Илимий даражаларды ыйгаруунун тартиби боюнча жобонун » талаптарына туура келиши.**

Качкын уулу Алтынбектин «Айыл мектебинин келечектеги мугалиминин кесиптик-педагогикалык маданиятын калыптандыруу (педагогикалык дисциплиналарды окутууда)» аттуу темадагы изилдөөсү Кыргыз Республикасынын ЖАКтын кандидаттык даражаны изденип алуу үчүн жазылуучу диссертацияга коюлган талаптарга туура келет, ал эми изилдөөнүн автору 13.00.01- жалпы педагогика, педагогиканын жана билим беруунун тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына ээ болууга татыктуу.

**Расмий оппонент,**
**педагогика илиминин доктору,**
**профессор:** **А.К. Наркозиев**